

## ОшМУнун ректору, профессор К.А.ИСАКОВдун «Изденүү жолундагы ийгиликтүү эки жыл» аттуу отчеттук китеби

3-7-беттерде



## Тамекини түтөткүн

8-бетте

Жаштык-бул жигер!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити

№05 (152) 2014-жыл, февраль • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## ОшМунун ректору Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды

Үстүбүздөгү жылдын 25- январында Ош мамлекеттик университетинин ректору, филология илимдеринин доктору, профессор Каныбек Исаков Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды.

Аталган мамлекеттик сыйлыкты Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев тапшырып, Республиканын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана руханий потенциалын, ошондой эле мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы, көп жылдык жана ак ниет эмгеги үчүн ыраазычылык сөзүн жолдоду.

Белгилей кетсек, ОшМУнун ректору Каныбек Исаков Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча комиссиянын мүчөсү.

***ОшМУнун басма сөз кызматы***



**Ректору**
**Ошского государственного университета**
**Профессору Исакову К.А.**

**Уважаемый Каныбек Абдуваситович,**

Агентство по гарантии качества в сфере образования «EdNet» искренне и сердечно поздравляет Вас с вручением Вам высокий государственной награды - Почетной грамоты Кыргызской Республики.

Уважаемый КаныбекАбдуваситович, Вы прошли славный путь от выпускника Ошского государственного университета до руководителя одного из крупного вуза Кыргызстана. За это время Вы показали себя как видный ученый, отличный руководитель и профессиональный педагог. Более 25 лет Вы трудитесь в области просвещения - преподавателем, заведующим кафедрой, деканом, проректором, ректором и Вас знают в нашей стране не только как ученого, доктора филологических наук профессора, но и как креативного менеджера нового формата и общественного деятеля с конструктивным перспективным видением.

Уважаемый КаныбекАбдуваситович, от имени коллектива Агентства по гарантии качества в сфере образования "EdNet" позвольте пожелать Вам крепкого здоровья, счасья, успехов в профессиональный деятельности и многих лет плодотворной работы во благо нашей республики.

**С уважением,**
**Уманкулова О.А.**
**Исполнительный директор Агентство по гарантии качества в сфере образования "EdNet"**

## ОшМУнун «Билим» лицейи Ош шаардык олимпиадасында 1-орунга чыкты




Шаардык олимпиада 10 предмет боюнча уюштурулуп, ага 805 окуучу катышкан. ОшМУнун «Билим» лицейинен 35 окуучу катышып, алардан 12 окуучу 1- орунду, 8 окуучу 2- орунду, 5 окуучу 3-орунду жана 2 окуучу 4-орунду камсыз кылышкан.

Эми ОшМУнун «Билим» лицейинин бул окуучулары жакын арада өтүүчү аймактык олимпиадага катышат жана 1-орунду камсыз кылса, республикалык олимпиадага жөнөтүлөт.

Шаардык олимпиадада «Себат» кыргыз-түрк билим берүү мекемелеринин жана шаарда алдыңкы делинип жүргөн «Олимп», «Ага-хан» сыяктуу мектептин окуучуларын артка таштады.

Ачылганына бир жарым жыл боло элек биздин бул лицейге каерде качан ачылган деп көпчүлүк таң калышууда. Мугалимдердин үзүрлүү эмгеги, окуучулардын тынымсыз аракетинин акыбети кайтып, шаар боюнча алдыңкы саптан орун алып отурат.

Мындан сырткары ОшМУда жаңы ачылган «Ыйман» лицейи да олимпиадада өзүн көрсөтө алды. Тактап айтканда 3 байгелүү орунду камсыздап, жылуу сөздөргө татыды.

Алдыңкы орун алган бардык окуучуларга Ош шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынан дипломдор тапшырылды. Ал эми ОшМУнун



ректору республикадан байгелүү орунга жетишкен окуучуларды даражага карап акчалай сыйлык менен сыйлап, биринчи орунду камсыз кылган окуучуну контрактан бошотууну убада кылды. Ошондой эле мугалимдерине 5 миң сомдон 15 миң сомго чейин сыйлык берилерин белгиледи.

**"Нурпресс"**

## ОшМУга USAIDдин өкүлүнүн биринчи орун басары келди

Ош мамлекеттик университетине USAIDдин Кыргыз Республикасындагы өкүлүнүн биринчи орун басары Кевин Дин келип университеттеги автоматташтырылган билим берүү системасы, көз карандысыз тестирлөө жана дистанттык окутуу борборлору, билим берүү жолундагы 75 жылдык тарыхы камтылган музейи, USAID менен биргеликте жүзөгө ашырылган долбоорлору менен таанышып чыкты.

Жолугушуу мезгилинде Кевин Дин Ош шаарындагы USAIDдин жүргүзүп жаткан иштери менен таанышып, өзгөчө түрдүү долбоорлор аркылуу жакындан кызматташып келе жаткан өнөктөштөр менен баарлашуу, мындан ары да биргелешип иштөө пландары тууралуу пикир алышуу максатында келгендигин айтты.

ОшМУнун ректору Каныбек Исаков: "USAID менен биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу менен бир топ коррупциялык элементтердин алдын ала алдык. Жакында университетте КРнын вице-премьер министири, Билим берүү жана илим министири, Кыргызстандын жети облусундагы 37 окуу жайдын жетекчилеринин катышуусундагы кеңешмеде КРдин Вице-премьер министири К.Талиева окутуу системасын оптималдаштырууга, паракорлукка каршы күрөшүүгө жана ЖОЖдорго болгон коомчулуктун ишенимин арттырууга ОшМУнун бүгүнкү иш аракеттери тажрыйба боло аларын айтып, бул тажрыйбаларды башка окуу жайларга жайылтууну сунуш кылды. Андыктан мындан ары да жаңы механизмдерди билим берүү процессине алып келүү, өнүктүрүү багытында пландарыбыз бар, бул багытта да алгылыктуу иштерди жасоодо биргеликте кызматташабыз", -деген оюн билдирди.

Ал эми Кевин Дин Ош мамлекеттик университети жаңычылдыкка умтулуп жаткан жана тынымсыз изденүү, өнүгүү жолунда бара жаткан окуу жай экенине токтолуп, ОшМУ менен USAIDдин кызматташтыгы мындан ары да ири долбоорлор алкагында улана берээрин кошумчалады.

## Спорттук иш-чаралардын жаңы планы кабыл алынды

Аталган жаңы иш планга ылайык мындан ары ар бир айда бирден спорттун түрү боюнча университеттик деңгээлде студенттердин арасында өзүнчө, окутуучу-кызматкерлер ортосунда өзүнчө жана жатаканалар арасында өзүнчө мелдештер уюштурулуп турмакчы.

"Ар бир спорттун түрүнө ОшМУнун проректорлору жана департамент директорлорунан ички федерация президенттери дайындалып, аларга мелдештерди уюштурууга ар тараптан көмөктөрүн көрсөтүп туруу жоопкерчилиги жүктөлдү. Мындай планды кабыл алууга ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамын, кызматкерлерин жана студенттерин жыл бою үзгүлтүксүз спортко тартуу, алардын ден соолугун чыңдоо, сергек жашоо образына үндөө, жамааттагы ынтымакты, биримдикти бекемдөө максаттары негиз болду", - деп билдирди тарбия департаментинин директору З.Божонов. Ушул жылдын 26-27-28-февраль күндөрүндө табият таануу жана география факультетинин спорттук залында стол тенниси боюнча мелдеш өткөрүлсө, март айында улуттук спорттук оюндар (ордо, кол күрөш, аркан тартуу, гир көтөрүү) боюнча мелдеш Алымбек датка этнографиялык борборунда уюштуруулаары пландалган.

Эске сала кетсек, волейбол, футбол, сууда сүзүү, чоң теннис, жеңил атлетика, баскетбол, күрөш, шахмат, тогуз коргоол сыяктуу спорттук оюндар планга ылайык ар бир айда байма-бай өткөрүлүп турат.

## Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүнө карата айлык жарыяланды

21-фавраль бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүнө карата Ош мамлекеттик университетинде эне тилге арналган иш чаралардын айлыгы жарыяланды. Бул иш чаранын алкагында ОшМУнун китепканасында китеп көргөзмө, тарых-юридика факультетинде студенттер арасында тил саясатына арналган дебат, кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде Презитенттин алдындагы мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы иштеп чыккан "Мамлекеттик тилдин улуттук долбоорун" коомчулукка жеткирүү максатын көздөгөн илимий-практикалык конференция жана бардык факультеттерде эне тилге арналган дил баян сынактары өтөт. Ошондой эле, ОшМУда окуп, иштеп жаткан чет элдик окутуучу- студенттер өз эне тилинде концерттик программаларды коюшат. Бул тууралуу Ош мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил боюнча проректору, доцент О. Шаимкулов билдирди.

"Бул иш чаранын алкагында бир топ сынактар кошо уюштурулду. Башка элдердин тилин сыйлоо менен бирге кыргыз тилинин кадыр-баркын арттырууну алдыңкы максат кылып алдык. ОшМУда окуп-иштеген түрдүү улуттун өкүлдөрү өз эне тилин даңазалоо менен бирге кыргыз тилинде ырларды, обондорду аткарышат. Биздин тилдин көркөм дүйнөсүн жакындан таанысын деген максатта басымды кыргыз тилине жасап жатабыз. Элдик оозеки, фольклордук чыгармалардан тартып бүгүнкү эстрада ырлары, ошону менен бирге чет тилиндеги чыгармалар жуурулуштурган композиция иштеп чыгууну пландадык"

21-февраль күнү иш чара ОшМУнун башкы имаратынын чоң актылык жыйынтыкталып, сынактардын жеңүүчүлөрү атайын дипломдор жана баалуу белектер менен сыйланарын кошумчалады О.Шаимкулов.

## ОшМУда Кыргыз Республикасынын Президентинин Координациялык кеңешинин биринчи жыйыны болду

Ош мамлекеттик университетинин жыйындар залында бүгүн 29-январь күнү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы "Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциялык себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндөгү" Жарлыгын аткаруу боюнча элге билим берүү тармагында аткарылган иштер туурасында Координациялык кеңештин жыйыны болуп өттү. Жыйынга Ош шаарынын прокурору Шакир уулу Атай, Ош шаардык Ички иштер башкармалыгынын башчысы Кылыч Жолдошев, укук коргоо органдарынан, Ош шаардык мэриясынан өкүлдөр, Ош шаарындагы жогорку окуу жайларынын ректорлору, билим берүү башкармалыгынан өкүлдөр катышышты.

Кеңешменин жүрүшүндө жогорку окуу жайларынын ректорлору коррупция менен күрөшүү багытындагы жүргүзүлүп жаткан иштерге токтолуп, айрым сунуштарын айтышты. Сөзгө чыккан ОшМУнун ректору Каныбек Исаков презентациясында бүгүнкү күндө окуу жай коррупциялык терс көрүнүштөрдү жоюу багытында алгылыктуу иштер аткарылып жаткандыгын, атап айтканда 3 көз карандысыз тестирлөө жана дистанттык окутуу борборлору түзүлүп, студенттердин билимин ачык-айкын балоо процесси жүрүп жаткандыгын, абитуриенттерди кабыл алууда Республикада биринчилерден болуп кабыл алуу процессин он-лайн режиминде интернетке жайгаштыргандыгын, толук кандуу электрондук башкарууга өткөндүгүн, бардык факультеттерде видео көзөмөлдөр уюштурулуп, видеоконференциялар жүргүзүлүп турарын жана жетекчилик кызматтарга жигердүү эмгектенген жаштар тартылып жаткандыгына токтолду.

Координациялык кеңешменин жыйынтыгында атайын чечим кабыл алынып,мындай иш чаралар токтоп калбай бардык тармактарда улантылары айтылды.

## Жаңы китептер жарык көрдү

Жаңы окуу семестри жагымдуу жаңылык менен башталды. Ош мамлекеттик университетинде бир катар жаңы китептер жарык көрүп олтурат. Ректор Каныбек Исаковдун маектери, макалалары, кайрылуулары сыяктуу материалдар камтылган "ОшМУда окуганыма жана иштегениме сыймыктанам", жана "ОшМУ массалык-маалымат каражаттарында (2011-2013-ж.ж.)" ошондой эле "Изденүү жолундагы ийгиликтүү эки жыл" деген аталыштагы китептер окурман журтуна сунулду. Китептерде негизинен ОшМУнун акыркы эки жыл ичинде жараткан ийгиликтери, өнүгүү-өзгөрүүлөр тууралуу кеңири маалымат берилет.



## ОшМУда Кыргызстандын 37 ЖОЖдун ректорлору катышкан жыйын болду




22-январь күнү Ош мамлекеттик университетинде КРнын вице-премьер министири К.Талиева, билим берүү жана илим министири К.Садыков, жана Кыргыз улуттук университетинин, Борбордук Азиядагы Америка университетинин, И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин ректорлору баштаган Кыргызстандын жети дубанындагы отуз жети окуу жайдын жетекчилеринин катышуусунда жогорку билим берүүнүн көйгөйлөрү, билим берүүгө киргизилип жаткан жаңы моделдерди колдонууда кездешип жаткан маселелерге арналган кеңешме өттү. Кеңешмеде жогорку билим берүүнүн көйгөйлөрү талкууга алынып, коррупциянын алдын алуу, коомчулуктун ЖОЖдорго болгон ишенимин артыруу, алдыңкы окуу жайлардын тажрыйбаларын жайылтуу маселелери боюнча сөз болду. Жыйында сүйлөгөн сөзүндө ОшМУнун ректору К.А Исаков окуу жайда жүргүзүлүп жаткан бир катар алгылыктуу иштерге токтолуп, коррупцияга каршы күрөшүүдө жаңы моделдер, жаңы структуралар, жаңы механизмдер киргизилгендигин кошумчалады. Ал ар бир негативдүү көрүнүштөрдү токтотуу үчүн иштелип чыккан позитивдүү механизмдер тууралуу кеңири токтолду. Ошондой эле паракорлукту азайтууга жаңы ачылган көз карандысыз тестирлөө борбору, автоматташтырылган электрондук башкаруу системасы, абитуриенттерди кабыл алуу үчүн окуу жайдын кызматкерлеринин эмгеги менен түүзүлгөн программалык каражаттар бир топ өбөлгө болуп жатканын белгиледи. Абитуриенттерди кабыл алууда ачык-айкын болуусу үчүн кабыл алуунун жүрүшүн он-лайн режиминде коомчулук көрө алгыдай программа түзүлгөндүгүн, ал үчүн ЮСАИДден 38000 долларлык грант тартылып, техникалык каражаттар менен жабдылганын кошумчалады. Буга кошумча айлык акыларынын да системалуу түрдө жогорулатылып жатканы бир кыйла кызматкерлерди тазалыкка үндөп жатканыгын айтты.

"Биз коррупциянын себептерин толук жое албасак да, ага каршы күрөшүүнүн механизмдери аркылуу табылган тамырларын кыркып жатабыз жана бул аракеттер натыйжасын көргөзүп жатат. Болбойт деп отура бербей коррупциялык элементтерге, өнөкөттөрө жаңы ой, жаңы идея, жаңыча моделдерди каршы койсок, коомубузда тазалыкка жол ачылат. Ошондуктан жемкорлук менен жан баккысы келгендерге жаңы прогрессивдүү ойлор, жаңыча саамалыктар менен чогуу бөгөт коелу",-деди ректор баяндамасын жыйынтыктап жатып.

Ал эим КРдин Вице-премьер министири К.Талиева: "Бүгүн ОшМУда 26дан ашык өлкөнүн студенттери окуйт. Сабак берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн студенттерди окутууга IT-технологиянын жаңы, жакшырган механизмдери бар. Окутуу системасын оптималдаштырууга, паракорлукка каршы күрөшүүгө жана ЖОЖдорого болгон коомчулуктун ишенимин арттырууга ОшМУнун бүгүнкү иш аракеттери тажрыйба боло алат. Бул тажрыйбаларды башка окуу жайларга жайылтуунун сунуш кылат элем"- деди өз сөзүндө.

Кеңешмеге келген ЖОЖдордун жетекчилери ОшМУнун жаңы ачылган музейи, көз карандысыз тестирлөө борбору, Конфуций институту, пайдубалы түптөлүп, курушу жанданып калган клиника, жаңы ачылган "Зирек" балдар бакчасы менен таанышып, окуу жайдын ар тараптуу өнүгүп жаткандыгына жогору бааларын беришти.

***ОшМУнун басма сөз кызматы,***
***Нур пресс***



"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук маданий гезити
**Башкы редактору:** ОМОКЕЕВ Улукбек
**Редактордун орун басары:** Иманбек Азизилла уулу
**Жооптуу катчы:** Айпери Атакул кызы

**Редакциялык кеңеш:** А.Мурзакметов, А.Айтмамбетов, Г.Абдимиталипова, К.Калыкулов, А.Маматова

**Редакциялык топ:** Алия Аскарова, Орозбекова Ырысгүл, Жылдыз Акпарали кызы, Жайнагүл Сайдакматова, Бегимай Мамажунус кызы

**Корректор:** Гүлпери Жаныш кызы

**Каттар бөлүмүнүн жетекчиси:** Мухамеджан кызы Айдай
**Кабарлар бөлүмүнүн жетекчиси:** Айчүрөк Гуламидин кызы
**Менеджер:** Жаныбекова Чынара
**Фото кабарчы:** Апиш уулу Сыдыкбек
**Коммерциялык бөлүмдүн жетекчиси:** Хакимжан кызы Барчынай

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039

**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 3350 Буюртма № 308

# ИЗДЕНҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ИЙГИЛИКТҮҮ ЭКИ ЖЫЛ

## *(ОшМУда акыркы эки жылда аткарылган иштер)*



***Бүгүн Ош мамлекеттик университети өсүп-өнүгүү жолунда бараткандыгын Кыргызстандын акыл-эстүү коомчулугу байкап, көрүп турат.***

***Акыркы эки жылда Ош мамлекеттик универ-ситетинде болгон өзгөрүүлөр, конкреттүү жасалган иштер жөнүндө айныгыс фактылардын негизинде ушул китепчеде айтууга аракеттендик.***

***Бүгүн университетте иштиктүү кырдаал түзүлдү. Жамаат ынтымак-ырашкерликте эмгектенүүдө. Жаңы демилге, жаңы көз карашты, жаңы ойду кандай кырдаал болбосун колдоого алуудабыз.***

***Азыр ОшМУ бакалавр, магистр, Ph.D доктор даярдоочу жаңы моделдеги университеттин формасын, мазмунун өздөштүрүүдө.***

***ОшМУ жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлдү. Бир топ иштерди турмушка ашырдык. Ал ийгиликтерди эч ким ала албайт. Жетишкендиктерибиз биздин байлыгыбыз болуп калды. Алдыда өтө чоң максаттар бар. Ошол максаттарга чогуу жетели.***

***ОшМУнун эл алдында бедели бийик, ар бир окутуучубуздун, студенттерибиздин жүзү жарык болсун!***

***Максатыбыз – Кыргызстанда гана эмес, Борбордук Азиядагы эң мыкты университеттердин катарында болуу. Бул үчүн бизде бардык тараптан потенциал жетиштүү. Кептин баары ар бирибиз активдүү аракетке кирип, ошол потенциалыбызды толук ойготуп, байкоочулуктан жаратмандыкка өтүшүбүз керек.***

***Жаңы бийиктиктерди бирге багындыралы.***

**ОшМУнун ректору,**
**профессор К.А.Исаков**

## Окуу-усулдук иштер

ОшМУ үч баскычтуу билим берүүгө укук алган **Кыргызстандагы жети университеттин катарына кирди.**

● **Эки баскычтуу билим берүүгө өтүп**, бакалавр боюнча окуу пландары түзүлүп, окутуунун кредиттик технологиясын өздөштүрүү жолуна түштүк. Ушул багытта семинарлар, тренингдер, төгөрөк столдор, көптөгөн талкуулар өткөрүлүп, жаңы жоболор, эрежелер иштелип чыгып, ишке ашырылып жатат.

● **Натыйжада электрондук кафедра**, электрондук деканат, электрондук университет түзүүгө жетиштик. Электрондук башкарууну өркүндөтүү иштери алдыда турат.

● **Магистратура программасы боюнча 10 адистикке лицензиялар алынды.** Азыр бардык адистиктер боюнча магистратурага лицензия алууга даярдыктар көрүлүүдө. PhD докторантура ачуу боюнча максаттуу иштер башталды.

● **AVN информациялык системасы толук кандуу иштеп**, өз натыйжаларын бере баштады.

● **ЮСАИДдин 100 000 долларлык (АКШ) грант** түрүндөгү колдоосу менен үч көз карандысыз тестирлөө жана дистанттык технологиялар борборлору түзүлдү. Бул борборлордун жардамында студенттердин базалык билимдерин текшерүүчү, алдын ала (пробные) студент өзүн өзү текшерүүчү, калдык билимдерди (остаточные знания) аныктоочу жана жыйынтык текшерүүлөрдү уюштуруучу тестирлөөлөр ишке ашырыла баштады. Бул иш-аракеттер студенттердин билимин аныктоодогу коррупциялык көрүнүштөрдү азайтууга толук шарт түздү.

● **"Кыргызстандын тарыхы" дисциплинасы боюнча мамлекеттик экзаменди** уюштурууга даярдыктарды жүргүзүү жана уюштуруп-өткөрүүдө заманбап өзгөчөлүктөрдү пайдаланууга жетиштик. Кыргызстан тарыхы кафедрасы тарабынан студенттердин мамлекеттик экзаменге даярдануусу үчүн Окуу – усулдук колдонмо даярдалып (350 тесттик суроолорду камтыган), алдын ала студенттерге таркатылып, студенттерге 10 жолуга чейин алдын ала компьютердик тестирлөөгө кирип, өзүнүн даярдыгын текшерүү мүмкүнчүлүгү түзүлүп берилди. Мамлекеттик экзамен компьютердик – бланкалык формада уюштурулуп, AVN системасынын жардамында көз карандысыз тестирлөө борборунда ар бир студент үчүн жекече варианттар даярдалып берилди да, тестирлөөнүн жыйынтыгын текшерүү атайын сканердин жардамында жүргүзүлдү. Тестирлөөнүн жыйынтыктары университеттин сайтына автоматтык түрдө илинип, ачык айкындуулука, коррупциялык көрүнүштөрдү азайтууга чоң өбөлгө түзүлдү.

● Абитуриенттерди кабыл алууда **Республикабызда биринчи болуп,** оперативдүүлүктү жана айкындуулукту камсыз кылып, **кабыл алуу процессин он-лайн режиминде интернетке** жайгаштырдык. Бул мүмкүнчүлүк ЮСАИДдин грант түрүндөгү колдоосу менен 16 ноутбук, 4 UPS, 2 сервер, 16 штрих код окуучу сканерлер алынып, ишке ашырылды. ОшМУнун бул тажрыйбасын Республикабыздын бардык окуу жайларына жайылтуу боюнча министрлик атайын буйрук чыгарды. ОшМУ өзүн коомчулукка ачык университет катарында жарыялады.

● ОшМУга өнөктөш болгон эл аралык уюмдар менен мамиле жакшырды жана алардын университетке карата ишеними жаратылды. Чет өлкөлүк пикирлештер менен биргелешкен долбоорлорго кирип, 500миң доллардан ашуун инвестиция алынды. Алардын натыйжасында **Конфуций институту ачылып,** Кыргыз-Индия информациялык технологиялар борборун түзүү үчүн Индия өкмөтү менен 1 миллион доллардык келишимге кол коюлду. Туркия менен бир окуу корпусун жана кыздар, балдар үчүн 2 жатакана куруу боюнча келишим түзүлдү. Ошол келишимге ылайык "Ыйман" лицейи ачылып иштеп жатат.

● Университетибиздин алдында **"Билим" лицейи, "Адис" окуу борбору ачылды** жана аларга лицензиялар алынды. "Билим" лицейи улуттук нарк-насилге тарбиялоо, заманбап билим берүү боюнча алгылыктуу ишин баштап, алгачкы бүтүрүүчүлөрү жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча мыкты көрсөткүчтөргө жетишти. "Адис" окуу борбору жаштарды кесипке, өнөргө үйрөтүүдө үзүрлүү иштеп жатат.

● Заманбап модернизацияланган жаңы үлгүдөгү **"Зирек" балдар бакчасы** ишке берилди.

● Материалдык техникалык базаны чыңдоо багытында иштер күчөтүлдү. Бардык факультеттерде

● 50 мультимедиялык залдар ачылып, интерактивдүү доскалар жайгаштырылды.


● ШОС университетине бир гана "Энергетика" багыты боюнча кирген болсок, үстүбүздөгү окуу жылында "IT технологиялар" жана "Аймак таануу" багыттары боюнча мүчө болуп, тиешелүү макулдашууларга кол койдук.

● **2012-жылы 74 адистик боюнча Мамлекеттик аттестациядан өтүп**, кийинки беш жылдыкка жогорку кесиптик билим берүүчү мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүүгө укук берилди.

● **"Экономика" багыты боюнча эл аралык аккредитациядан өтүп, сертификат алынды.** Учурда 8 багыт эл аралык аккредитацияга даярдалууда.

● Эки баскычтуу билим берүү системасына өтүүнүн алкагында 44 багыт боюнча окутуунун күндүзгү формасына жана 24 багыт боюнча окутуунун дистанттык формасына лицензиялар алынды. Лицензиялык мөөнөтү аяктаган 6 адистиктин мөөнөтү узартылып, дипломдон кийинки медициналык билим берүүчү 5 адистикке лицензия алынды. Мындан сырткары, **"Адис" окуу борборуна** 13 адистик боюнча кыска мөөнөттүү курстарга лицензиялар алынды.

● Бакалавр багыттары боюнча компетенттүүлүккө негизделген окуу пландары түзүлүп, окутуунун кредиттик технологияларын



өздөштүрүү жолуна түштүк. Ушул багытта семинарлар, тренингдер, төгөрөк столдор, көптөгөн талкуулар өткөрүлүп, жаңы жоболор, эрежелер иштелип чыкты. Атап айтсак, №15 (Ош МУнун ички тартип эрежелери жөнүндөгү), №16 (Профессордук-окутуучулук курамды аттестациялоо жөнүндө),

● №18 (Окуу процессин окутуунун кредиттик техноло-гияларынын негизинде уюштуруунун эрежелери. ECTS), №19 (Кредиттик системадагы Окуу методикалык комплекс жөнүндө), №20 (Электрондук басылмалар жөнүндө), №21 (Ош МУнун мыкты студенти жөнүндө), №22 (Окутуунун дистанттык технологиялары жөнүндө), №23 (ЖОЖдун ичиндеги компьютердик тестирлөө системасы жөнүндө), №24 (практикаларды уюотуруунун эрежелери боюнча), №25 (Мамлекеттик экзамендерди уюштуруунун эрежелери боюнча) бюллетендер иштелип чыгып, Окумуштуулар Кеңеши тарабынан бекитилди.

● **"Ирбис"-64 программасы алынып** ОшМУнун бардык библиотекалары библиотекаларынын ишмер-дүүлүгү автоматташтыла баштады.

● Окуу процессин автоматташтыруу, окутуунун кредиттик жана дистанттык технологияларын үйрөтүү боюнча 2 жылда 50 дөн ашык университеттик, регионалдык жана Республикалык семинар, конференциялар уюштурулду. ПО курамы семинарларга катышып сертификаттарды алышты.

● **Университеттин сайты үч тилдүү болуп жаңы стилде заманбап өзгөртүлүп түзүлдү (www.oshsu.kg).**

● Университеттин бул сайтын дистанттык технологияларда окутуу боюнча сайт (**www.distant.oshsu.kg же www.cdo.oshsu.kg**), университеттин автоматташтырылган системасынын порталы (**www.avn.oshsu.kg**), медиаборбордун сайты (**mediacentre.osu**) толуктап турат. Университеттин бардык структуралык бөлүмдөрү университеттин сайтындагы тишелүү бөлүмдөрдү толтуруп турушат. Жыйынтыгында ар бир структуралык бөлүмдүн аткарган иштери боюнча отчеттор сайтта да жайгаштырылып туруусуна жетиштик. Медиаборбор тарабынан заманбап электрондук окуулуктар даярдалды жана сайтка даяр окуулуктардын мазмуну жайгаштырылып факультеттерден келген өтүнүчтөргө ылайык атайын дисктерге даярдап берүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

● Окутууну дистанттык технологиялардын жардамында уюштуруу үчүн Республикадагы ЖОЖдордун арасында биринчилерден болуп талаптагыдай шарттарды түзүүгө жетиштик.

**Атап айтсак:**

● **"Образовательный портал"**- окутуучу менен студенттин ортосундагы онлайн, офлайн байланышты уюштуруу жана окутуучу тарабынан окуу-методикалык комплекстерди жүктөө мүмкүнчүлүгү;

● **"AVN вэбинар"**- окутуучу менен студенттин ортосунда видео онлайн сабактарын уюштуруу;

● "Электронная библиотека"- окутуучу тарабынан ар бир студентке директүү жүктөлгөн окуу методикалык комплекстерин студенттердин алуу мүмкүнчүлүгү;

● Студенттин билим деңгээлин аралыктан текшерүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

## Илим-изилдөө иштери

Университетте 2011-жылдан 2013-жылдын аягына чейин илимдин **6 докторлук, 66 кандидаттык диссертациялары** ийгиликтүү корголду. Докторлук диссертациясын коргогондорго **40000 сом, кандидаттык диссертациясын коргогондорго 20000 сомдон** берилди.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланган илимий-изилдөө долбоорлорунун гранттарынын көлөмүнүн өсүү динамикасы төмөнкү таблицада берилген:

| № | Жылдар | Илимий долбоорлордун саны | Гранттардын жалпы көлөмү |
|---|---|---|---|
| 1. | 2011 | 9 | 2 864 300 |
| 2. | 2012 | 9 | 4 500 000 |
| 3. | 2013 | 11 | 5 054 600 |

**"Фундаменталдык илимий изилдөө"** институту түзүлүп, КР УИАнын мүчө-корр., ф.-м.и.д., профессор Келдибай Алымкулов директор болуп дайындалды.

Университетте илимдин приоритеттүү багыттарына арналган жана **"Өмүрү өрнөк инсандар"** цикли боюнча 40ка жакын республикалык, регионалдык илимий конференциялар, семинарлар уюштурулду.

2011-жылдан баштап **2500гө жакын илимий макала,** окуу китеби, окуу-усулдук колдонмо, монографиялар басмадан чыккан. ОшМУнун 60 жылдыгына карата университеттин жалпы өнүгүү тарыхын камтыган көлөмдүү китеп жана окумуштуулардын илимий макалаларынан турган "ОшМУ жарчысынын" атайын **6 саны басмадан чыгарылды.**

Аспиранттарды жана изденүүчүлөрдү аттестациялоо, тиешелүү кафедралар менен болгон байланышты күчөтүү, диссертациялык изилдөөлөрдүн үстүнөн максатка ылайыктуу иш алып баруу маселелери боюнча ырааттуу иш-чаралар жүргүзүлдү. 2011-жылдан бүгүнкү күнгө чейин аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн «Илимий-изилдөө иштерине киришүү», «Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодогу негизги иш-аракеттер» ж.б. темалардагы илимий-практикалык семинарлар өткөрүлдү. Жаш окумуштуулар мектебинин семинарларынын циклин өткөрүү үзгүлтүксүз улантылууда.

*уландысы 4-бетте*

*уландысы, башы 3-бетте*

Илим күнүндө жыл сайын илимий-изилдөө иштеринде алдыңкы илимпоздор жана жарыкка чыккан илимий эмгектердин авторлоруна түрткү берүү, эмгектердин сапатын жогорулатуу максатында **"Мыкты монография"**, **"Мыкты макала"**, **"Мыкты окуу китеби"** жана **"Мыкты окуу-усулдук колдонмо"** конкурстары уюштурулуп, жеңүүчүлөр диплом жана акчалай сыйлыктар менен сыйланып келе жатат. 2013-жылы 14-ноябрда илим күнүнө арналып, илимдин жана коомдун маанилүүлүгүн белгиленип, кафедралардын каттоо кар-





точкалары боюнча илимий изилдөө иштери боюнча конференция өткөрүлүп 38 баяндама жасалды.

Илим жумалыгынын алкагында факультеттерде илимий конференциялар, семинарлар: профессордук-окутуучулук курамдын, аспиранттардын, студенттердин илимий баяндамалары, илимдин тиешелүү тегерек столдор, инновациялык сабактар, дебаттар, дубал гезиттер, акыл-таймаш, оюндар, конкурстар, олимпиадалар, илимий ийримдердин көргөзмөсү ж.б. уюштурулду.

2013-жылда өткөрүлгөн илим жумалыктарынын жыйынтыктары боюнча атайын информациялык бюллетень жарыкка чыкты.

2013-жылдын 28-апрелинде ОшМУнун демилгеси менен **Аймактык студенттик олимпиада өткөрүлүп, 6 жогорку жана 7 атайын орто окуу жайларынан 1000ге** жакын студенттер катышышты. **Жалпы командалык эсепте ОшМУ 1 орунду** камсыз кылды.

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы-нын сапаттык көрсөткүчүн жогорулатууга университеттин алдындагы Диссертациялык Кеңештер өз салымдарын кошушту, алар:

**1. «08.00.05.** – Экономика жана эл чарбасын башкаруу» адистиги боюнча Диссертациялык Кеңеш (төрагасы – КР УИАнын мүчө-корр., э.и.д., профессор Купуев П.К.);

**2. «01.04.07.** – Конденсацияланган абалдын физикасы» адистиги боюнча Диссертациялык Кеңеш (төрагасы – ф.-м.и.д., профессор Арапов Б.А.);

**3. "01.01.02** – Дифференциалдык теңдемелер", **"01.01.04** Дифференциалдык геометрия жана топология" адистиктери боюнча Диссертациялык Кеңеш (төрагасы – КРУИАнын мүчө-корр., ф.-м.и.д., профессор Алымкулов К.).

4. "География" адистиги боюнча Диссертациялык Кеңеш (төрага – г.и.д., профессор Матикеев. К.М.)

Жаңыдан **"01.02.06** – Юридика" адистиги боюнча Диссертациялык Кеңеш ачылды (төрага – ю.и.д., профессор Дүйсенов Э.Э.).

# ЭКОНОМИКА ЖАНА ФИНАНСЫ ИШТЕРИ

ОшМУда финансылык айкындуулук ишке ашырылды. Окумуштуулар Кеңешинин кеңейтилген жыйынында (Университеттин структуралык бөлүмдөрүнүн активдеринин катышуусу менен) университеттин финансылык иш аракеттери боюнча 2011 жана 2012-жылдар үчүн отчет берилип тиешелүү чечимдер кабыл алынды. Отчет жана чечим китепче болуп басылып чыгарылып, жамааттын мүчөлөрүнө таркатылды.

2012-жылы Камкорчулар Кеңеши түзүлдү. Анын курамына студенттердин ата-энелери, бейөкмөт уюмдар, коомдук ишмерлер, журналисттер, илимий кызматкерлерден өкүлдөр кирип, учурда ийгиликтүү иш алып барып жатышат. ОшМУда жүргүзүлгөн финансылык иш аракеттер ПО курам, кызматкерлер жана студенттер үчүн ачык – айкын жүргүзүлө баштады.

Деп айтсак болот:

2013-жылы 100 000 АКШ доллары өлчөмүндө ЮСАИДдин колдоосу менен 80 компьютер, 2 сервер, 16 ноутбук, 6 UPS, 16 штрих-код окуучу сканерлер грант түрүндө алынды.

2012-2013-жж 300 000 АКШ доллары өлчөмүндө – Кытай Эл Республикасы тарабынан грант катарында Конфуций институтунун түзүү үчүн технологиялар берилди. Учурда Конфуций институтуна 102 студент кабыл алынып билим алып жатышат.

1 000 000 АКШ доллары өлчөмүндө Индиянын өкмөтү менен ОшМУнун ортосунда "Кыргыз-Индия жаңы технологиялар борборун" ачуу боюнча келишим түзүлүп, алгачкы пландары ишке ашырылды.

87 000 АКШ доллары–Евросоюз гранты – дипломдон кийинки медициналык билимди жогорулатуу багытында берилди (2013-ж.).



Окутуучулардын жана кызматкерлердин жумушун стимулдаштыруу максатында 2 этап менен (2012-жылы февраль айында жана 2013-жылдын февраль айында кызматтык окладдарга 50% кем эмес кошумча айлык акылар киргизилди) айлык акылары көтөрүлдү. 2014-жылдын февраль айынан баштап кызматтык окладдар дагы 50% көтөрүлөт.

2011, 2012, 2013-окуу жылдарынын декабрь айларында окутуучулар жана кызматкерлерге кошумча сыйлык акылар төлөнүп берилди.

Кызматкерлердин жумуш орундарынын ден соолукка келтирген зыяны үчүн атайын түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде 15% дан 25%га чейин кошумча акы төлөнүп бериле баштады.

Декандарга, декандын орун басарларына, студенттердин санына (иштин көлөмүнө) жараша дифференсирленген кошумча айлык акы төлөмдөрү киргизилди. Кафедра башчысы, кураторлорго, практика жетекчилерине жана башка жумуштар үчүн кошумча төлөмдөр бериле баштады.

Айлык акыларды, студенттердин жана аспиранттардын стипендияларын төлөп берүү жана башкалар эсептешүүнүн накталай эмес формасына толук өттү. Студенттердин келишимдик акыларын төлөө да банк аркылуу жүргүзүлө баштады.

Университеттин материалдык-техникалык базасын инвестиция тартуу аркылуу чыңдоого жетишүү акыркы эки жылдагы эң алгылыктуу иштерден болду

Туркиянын "Диянет Вакфы" фонду тарабынан ОшМУнун "Ыйман" лицейине кыздар жана балдар үчүн өзүнчө 2 жатакана жана окуу корпусун куруу боюнча келишим түзүлдү.

2013-жылы чет тилдер факультетинин окутуучулар тобу 20 000 АКШ доллары өлчөмүндө грант утуп алышты.

Турциянын Тика компаниясынын колдоосу менен 30 000 АКШ доллары өлчөмүндөгү сканер алууга келишим түзүлдү.

Educa проектинин алкагында 2400 евроrо заманбап, студенттердин билим деңгээлин тестирлөөнүн жыйынтыктарын текшерүү үчүн сканер алынды.

Медицина факультетине заманбап анатомиялык лаборатория түзүлүп, 2 миллион сомдук пластинациялык бальзамдалган препарат сатылып алынды.

Мындан башка да түрдүү багыттарда жалпы суммасы 300 000 АКШ доллары өлчөмүндө гранттар алынды.

Чет элдик студенттерди окууга тартуу аркылуу билимди экспорттоо иш аракеттери жандандырылды. 2010 –жылдагы Ош окуясынан кийин чет элден келген студенттердин саны кескин кыскарган. ОшМУда ушуга байланыштуу чет элдик студенттерди тартуу боюнча атайын иштер жүргүзүлүп, бүгүнкү күндө алыскы жана жакынкы чет өлкөдөн келген студенттердин саны 600 дөн ашты.

Ош мамлекеттик университетинде акыркы жылдары төмөнкү оргтехникалар сатылып жана гранттар түрүндө алынды:

| **Жылдар** | **Компьютер** | **Принтер** | **Ксерекс (3в1)** | **проектор** | **Интерактивдүү доска** | **Телевизор** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2011ж. | 150 | 10 | 30 | 10 | | 6 |
| 2012 ж. | 157 | 35 | 40 | 24 | 15 | 17 |
| 2013-ж. | 348 | 20 | 55 | 40 | 25 | 23 |
| **жалпы** | **655** | **65** | **125** | **74** | **40** | **46** |

Университеттин ички локалдык тармагы аркылуу студенттер жана окутуучулар акысыз жогорку ылдамдыктагы интернет менен камсыздалды. Мындан сырткары университеттин бардык окуу корпустары, жатаканаларында Wi-Fi орнотулду.



Оштогу медициналык колледжде учурдун талабына ылайык окутуунун сапатын жогорулатуу максатында заманбап жабдыктар менен жабдылган 19 предметтик машыгуу кааналары жана окуу лабораториялар түзүлдү:

- Жалпы медициналык дисциплиналар кафедрасы боюнча – 1 лаборатория, 1 машыгуу каанасы;
- Хирургиялык дисциплиналар кафедрасында – 1 машыгуу каанасы;
- Фармацевтикалык дисциплиналар кафедрасында – 3 лаборатория;
- Ички оорулар кафедрасында – 1 машыгуу каанасы;
- Сестралык иштин негиздери кафедрасында – 1 машыгуу каанасы, 1 процедуралык кабинет;
- Акушердик жана гинекологиялык дисциплиналар кафедрасында –1 машыгуу каанасы;
- Стоматологиялык дисциплиналар кафедрасында – 2 машыгуу каанасы, 1 тиш дарылоо бөлүмү;
- Мамлекеттик тил борбору;
- Мультимедиалык каана 1 электрондук доскасы менен;
- Акушердик жана гинекологиялык дисциплиналар кафедрасы үчүн
- 1 мультимедиалык каана;
- 1 компьютердик класс;
- Анатомиялык музей;
- Органикалык химия боюнча - 2 лаборатория.

13 кафедра ар бири өз-өзүнчө бөлмөлөр, эмеректер, оргтехникалар менен камсыз болду. Мындай лабараториялар бардык факультеттерде түзүлдү.

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА ИШТЕР

Ош мамлекеттик университети Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндөгү Жарлыгын ишке ашыруу боюнча перспективалуу иш-планын иштеп чыкты;

Жарлыкка ылайык Ош облустук жана шаардык мекеме-ишканаларга акысыз окутуу боюнча кулактандыруулар, жарыялар масасалык-маалымат каражаттарына берилип, Ош шаардык муниципалдык ишканалардын кызматкерлери, Ош облустук прокуратурасынын, Ош облустук статистика башкармалыгынын, Ош облустук СПИД борборунун, Түштүк аймактык экономика министрлигинин өкүлчүлүгүнүн, Кыргыз "ТЕМИР ЖОЛ" ишканасынын кызматкерлери акысыз окутулду;

"Мамлекеттик кызматта иштеген жетекчилерге мамлекеттик тилди окутуу", "Чет элдиктерге мамлекеттик тилди окутуу" боюнча окуу-усулдук колдонмолорду, сөздүктөрдү түзүү боюнча окутуучулар арасында атайын топ түзүлүп иштеп жатышат. (Бул боюнча атайын Жобо түзүлүп, сынактар жарыяланды);

ОшМУнун алдында кыргыз тилин окутулушун, мамлекеттик тилде даярдалган окуу-усулдук адабияттарды, окуу-усулдук комплекстердин сапатына көзөмөл жүргүзүүчү 11 адистен турган жумушчу топ түзүлгөн;

Президенттин мамлекеттик тил боюнча Жарлыгына ылайык университетте баштапгыч жана мектепке чейинки билим берүү (жет: Тойчиев Т., Гапарова Ч.), орто мектепте мамлекеттик тилди окутуу (жет: Жороев Т., Тагаева З.) атайын орто окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуу (Жет: Абдуваливеа Б. Жунусов А.), ЖОЖдордо мамлекеттик тилди окутуу (жет: Алиева Ф. Элчиев Ж.) боюнча атайын окуу-усулдук комплекстер, окуу-усулдук адабияттарды иштеп чыгуу үчүн топтор түзүлүп, иштеп жатышат;

2013-жылдын 5-ноябрынан 5-декабрга чейин "Аалам алпы – Айтматов" аттуу бир айлык жарыяланды;

Ош облустук кинодирекция менен биргеликте Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган "Ак кеме", "Кош, Гүлсары", "Найман-Эненин ыйы" кинотасмалары 2013-жылдын 21-октябрынан

*уландысы 5-бетте*

НУР

уландысы, башы 4-бетте

4-ноябрына чейин ар бир факультетте, колледждерде (16 факультет, 3 колледж) графикке ылайык көрсөтүлдү;

Ч.Айтматовдун эки айкели Кыргызстандын түштүк аймагында биринчи даярдалып ОшМУнун музейине жана кыргыз, орус филологиясы жайгашкан окуу имаратына орнотулду;

Эл аралык "Интерфакс" агенттигинин Кыргызстандын түштүк регионундагы өкүлчүлүгү менен башка улуттардын өкүлдөрү үчүн мамлекеттик тилде Жат жазуу сынагы уюштурулуп, жеңүүчүлөргө акчалай сыйлыктар бөлүнүп берилди;

"Тил тагдыры-эл тагдыры" аттуу шаар арасында өткөрүлгөн дилбаян сынагында 2 окутуучу, 3 студент байгелүү орунга ээ болушту. "Сандан-сапатка" аттуу Ош облустук кароо-сынагында мамлекеттик тил боюнча мыкты илимий иш, мыкты дил баян, мыкты план-иштелме, мыкты окуу-усулдук колдонмо жазган окутуучулар жана студенттер Ош облустук ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн Ардак грамоталары, дипломдору, акчалай сыйлыктары менен сыйланышты;

ОшМУда мамлекеттик тилдин Улуттук программасынын долбооруна ылайык көп тилдүү билим берүү берүү боюнча англис тилин эң жөнөкөй деңгээли (A1, A2), өз алдынча билүү деңгээли боюнча (B1, B2), ал эми кыргыз, орус тилдери боюнча кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүү деңгээлинде (C1, C2) үйрөтүү иштери уюштурулуп жатат;

Мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу Каразакова Зувайданын "Балдар бакчасынын орус, өзбек тайпаларынын улантуучу топторуна кыргыз тилин үйрөтүү" деген (Ош-2013) окуу-усулдук колдонмосу жарык көрдү.




# АДМИНИСТРАТИВДИК-ЧАРБА ИШТЕРИ














Ош мамлекеттик университетинин 75 жылдык тарыхын чагылдырган заманбап үлгүдөгү музей курулду;

Педагогика факультетинин алдында заманбап футболдук аянтча курулуп ОшМУ үчүн эле эмес Ош шаарынын тургундары үчүн да кызмат кылып жатат;

Чет тилдер факультетинин имараты капиталдык ремонттон өткөрүлүп, китепканасына жылуулук системасы тартылды;

Искусство факультетинин алдына 600 м2 брусчатка басылып имараттын алды толугу менен өзгөртүлдү;

Табият таануу жана география факультетинин окуу имараты сапаттуу капиталдык ремонттон өткөрүлүп, көрктөндүрүлүп заманбап абалга келтирилди;

Медицина факультетинин айланасында табийгый чөп тигилген заманбап футболдук, волейболдук жана баскетболдук спорттук аянтча курулуп пайдаланууга берилди.

Мындан сырткары медицина факультетинин

1-кабатында 100 000 окуу китептери жана медициналык адабияттар жайгашкан китепкана, 2-кабатында 200 орундуу окуу залы жана 50 орундуу электрондук китепкана, курулуп ишке берилди;

ОшМУнун Кытай мамлекети менен биргеликте түзүлгөн Конфуций институтунда 200 студентке билим алуу үчүн окуу корпусу даярдалып керектүү эмеректер менен камсыздалды;

Медициналык билим берүүнү өркүндөтүү жана региондогу калктын саламаттыгынын алдын алуу максатында ОшМУнун медициналык клиникасынын курулушу башталды. Клиника 2014-жылдын октябрь айында ишке киргизилет;

Тарых-юридика факультетинин чоң залы жана сырткы фасады капиталдык ремонттон өткөрүлүп көп жылдан бери чечилбей келе жаткан жылуулук системасы ишке киргизилди;

Туркиядагы өнөктөштөрүбүз менен бир канча материалдык жардам алууга жетишип, Теология факультети эмеректер толугу менен жаныланды;

Медициналык колледжибизде студенттердин көбөйгөндүгүнө байланыштуу айыл-чарба институтунун имаратын кошумча арендага алып толук ремонттоо иштери жүргүзүлдү жана медициналык колледждин башкы корпусу үчүн 133 даана блок, 37 даана доска керектүү стол, стул, шкаф ж.б инвентарлар менен камсыздалды;

Табият таануу факультетинен медициналык колледжге чейин 500 метр аралыкка асфальт төшөлдү жана колледжге жаңы ажаткана курулду.

Финансы юридикалык колледжинин №2-окуу имаратындагы аудиториялар ремонттон өткөрүлүп, жылуулук системасы жаңыдан тартылды. №1-окуу имаратынын фасады жаңыртылып, ажаткана курулду;

Өзгөн шаарындагы медициналык колледжинин окуу корпусунун чатыры жаңыланып имараттын айланасы атайын тосмо менен тосулду. Ошондой эле окуу корпусуна жылытуу системасы орнотулуп, суу түтүктөрү жаңыланды жана ажаткана курулду. Тышкы спорттук аянтча (волейбол, баскетбол) курулуп, турник, брус, о.э отургучтар орнотулду. Заманбап спорттук машыгуу залы түзүлдү;

"Билим" лицейине №3-окуу корпусунда 6 класс, №4 жатакананын 1 этажында 8 класс даярдалып, жаңы инвентарлар менен жабдылды. Учурда 145 окуучу билим алып жатат;

2013-жылдын августь айларында ОшМУнун "Зирек" балдар бакчасы түзүлүп, балдар бакча керектүү баардык инвентарлар менен жабдылып ишке киргизилди;

ОшМУнун №1,2,3-жатаканаларында жашаган студенттер үчүн ангемелешүүчү жай (беседка) курулду. Ошондой эле ар бир жатаканага студенттер үчүн жаңы үлгүдөгү плазмалык телевизорлор, тамак бышыруучу жана нан бышыруучу печкалар, кир жуугуч машиналары коюлду.

3 жатакананын студенттери үчүн ажаткана курулуп иштеп жатат.

Ош МУнун профилакториясы керектүү эмеректер менен камсыздалды.

№ 3 окуу имаратынын жанында заманбап тенниcттик корт курулуп студенттер жана окутуучу-кызматкерлер үчүн кызмат кылып жатат.

Университеттеги бардык кафедралар, клиникалык базалар, окуу кааналары, дээрлик баардык жерлер ремонттон өткөрүлүп жаңы эмеректер менен камсыздалды.

Арашан гуманитардык институтунда 160 орундуу жатакана курулуп, пайдаланууга берилди.

# ОшМУнун эл аралык байланыштары

Түркиянын Мавлена программасы боюнча 22 университет менен түзүлгөн студенттик алмашуу программасы боюнча 400гө жакын студент, 100гө жакын окутуучу жакынкы күндөрү үч айлык, алты айлык стажировкаларга барышат.



Кытайдын университетеринде 100 студент, 20 магистр окуп жатышат.

Синьцзян мамлекеттик университетинин Конфуций институтунда 20 студент алты айлык тажрыйба алмашууга барышат.

Евросоюзда (Швеция, Италия, Эстонияда) эки окутуучубуз докторантурада окуп жатышат.

Беш окутуучубуз Россиянын университеттеринде илимий иштерин жүргүзүшүүдө.

Түркияда 21 окутуучубуз докторантурада окуп жатышат.

АКШда 12 окутуучу стажировкадан өтүшүүдө.

# Жакындан кызматташкан өлкөлөр:

1. Германия
2. Франция
3. Италия
4. Австрия
5. Польша
6. АКШ
7. Индия
8. Кытай
9.Корея
10. Пакистан
11. Россия
12. Турция
13. Япония
14. Казахстан





уландысы 6-бетте

## ОшМУ конкреттүү кызматташып жаткан эл аралык уюмдар, программалар жана университеттер:



- Германия эл аралык кызматташтык коому (GIZ)
- Германиянын академиялык тажрыйба алмашуу кызматы (DAAD)
- "LOGO e.V" уюму
- Гете Институту
- "Роберт Бош" фондунун лектордук программасы
- "Конфликт жана өнүгүү" тармактык долбоору

(Берлин ачык университети, Кабардин-Балкар университети жана ОшМУ)

- Австрия академиялык тажрыйба алмашуу кызматы
- Франция элчилигинин ыктыярдуулук программасы
- Magna Charta Observatory (Италия)
- АКШ тажрыйба алмашуу кызматы

(Фулбрайт, Хамфри, TEA, EAP, AEPE)

- ENACTUS программасы (АКШ)
- АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID)
- Америка эл аралык билим берүү Кеңешмеси (АКСЕЛС)
- IREX
- Жумуш жана саякат программасы (Work and Travel - АКШ)
- «Сорос-Кыргызстан» фонду
- Борбордук – Европа университетинин стипендия программасы (Венгрия)
- Борбордук Азия изилдөөчүлөр программасы (CARTI)
- Япония эл аралык кызматташтык агенттиги (JICA)
- Цукуба Университетинин стипендия программасы
- Европа Коопсуздук Кызматташтык Уюму (ЕККУ)
- Бишкектеги ЕККУнун академиясы
- Европа биримдигинин КРдеги өкүлчүлүгү
- Темпус программасы (TEMPUS)
- Эразмус - Мундуз программасы
- Евробиримдиктин "ACTIVE Young" жаштар долбоору
- Чыгыш - Европа кызматташтык институту (Польша)
- Эл аралык миграция уюму (МОМ)
- Борбордук Азиядагы Евразия фонду
- Ага Хан өнүктүрүү тармагынын КРдеги өкүлчүлүгү
- Кастамону университинин тажрыйба алмашуу программасы (Турция)
- Мевлана алмашуу программасы(Турция)
- ОшМУнун Теология факультетинин Турция менен алмашуу программасы
- ОшМУнун Арашан гуманитардык институнун алмашуу программасы
- Индиянын техникалык жана экономикалык кызматташтык программасы
- Хомейни атындагы Эл аралык университетинин алдындагы «Фарс тили чет элдиктер үчүн» программасы
- ОшМУнун Конфуций Институтунун Кытай университеттери менен алмашуу программасы:
- Синьзянь педагогикалык университети
- Синьзянь эл аралык мектеби
- Синьзянь финансы-экономикалык университети
- Гуйлин технологиялык университети
- Ханнам Университети менен биргелешкен география долбоору (Даежеон, Корея)
- Шанхай Кызматташтык Уюмунун тармактык университети
- КМШ өлкөлөр аралык илимий – техникалык кызматташтык уюму
- Атырау облусунун (Казахстан) педагогикалык кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу институту
- "Өрлеу" квалификацияны жогорулатуу улуттук борбору
- EdNET Билим берүү ассоциациясы
- «Education for All» коомдук уюму
- «Интербилим» коомдук уюму
- «Youth of Osh» Коомдук жаштар уюму
- Бириккен Улуттар Уюму (ООН)

КРдеги БУУнун агенттиктери:

- БУУнун качкындар иштери боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы (УВКБ ООН)
- БУУнун балдар фонду (ЮНИСЕФ)
- БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы (УВКПЧ)

# ОшМУнун окутуучулары катышкан илим-изилдөө жана алмашуу программалары:

- Окуу программасын иштеп чыгуу ресурстук борбору (CRC);
- «Сорос-Кыргызстан» фондунун – окутуучулар үчүн окуу программаларын иштеп чыгуу долбоору;
- Борбордук Азия изилдөөчүлөр программасы; (CARTI) (2011-жылдан бери ОшМУнун 4 окумуштуусу программага катышышты)
- Германиянын DAAD программасынын алкагында немец тили боюнча жайкы курстары;

(2011-жылдан бери ОшМУнун 8 студенти аталган курстарга катышышты)

- DAAD программасынын экономика багыты боюнча магистратурасы;

(Учурда ОшМУнун 5 студенти билим алып жатат)

- DAADдын кыска мөөнөттөгү изилдөө программасы;

(2012 жылы ОшМУнун 3 окумуштуусу программага катышты)

- Германиянын окумуштууларды кайрадан чакыруу программасы;

(Программанын алкагында 2011-жылы ОшМУнун 2 окумуштуусу Германияда болуп кайтты)

- Германиянын группалык таанышуу программасы;

(Программа аркылуу 2013-жылы ОшМУнун 10 студенти "Шарите" клиникасында практикада болуп кайтышты)

- Германиянын Гете институтунун квалификацияны жогорулатуу программасы ;
- Гете Институтунун 2 жылдык сырттан окуу курсу;

(ОшМУнун 2 окутуучусу курстардан өтүштү)

- Германия жайкы академиясынын "Роберт Буш" фондунун программасы;

(ОшМУнун 1 окутуучусу академияда билим алып кайтты)

- DAAD программасынын немец тили окутуучулары долбоору;

(ОшМУнун 1 окутуучусу Италияда 2013-жылы немец тили окутуучуларынын съездине катышты)

- «Fulbright» чет элдерин изилдөө программасы;

(2011-2012-жж. ОшМУнун 1 окумуштуусу программанын алкагында АКШда окуп кайтты)

- "AEPE" англис тили окутуучулары программасы;

(ОшМУнун 8 окутуучусу программага катышышты)

- Кастамону университинин тажрыйба алмашуу программасы;
- (ОшМУнун 12 студенти жана 3 окутуучусу программанын алкагында билим алышты)
- Индиянын техникалык жана экономикалык кызматташтыгы программасы;

(ITEC) (Аталган программанын алкагында ОшМУнун 12 кызматкери Индияда окууга жөнөтүлөт)

- JICA программасы – Японияда билим алуу;

(ОшМУнун 2 окутуучусу магистратураны аякташты)

- Work and Travel программасы;

(2011-жылдан бери ОшМУнун 35 студенти АКШга саякаттап жана иштеп келишти)

- ОшМУнун Теология факультетинин Турция менен алмашуу программасы;

(ОшМУнун 55 студенти Турцияда даярдоо курсунда билим алып жатышат)

- ОшМУнун Арашан гуманитардык институнун алмашуу программасы;



(Турцияда докторантурада - 15, аспирантурада – 5, магистратурада – 4 окутуучулар билим алып жатышат)

- ЕККУ Академиясы, Бишкек;

(ОшМУнун 1 окутуучусу билим алып жатат)

- "Конфликт жана өнүгүү" тармактык долбоору;

(Долбоорго Берлин ачык университети, Кабардин-Балкар университети жана ОшМУнун 20 окутуучусу катышты)

- ОшМУнун Конфуций Институтунун Кытай университеттери менен алмашуу программасы;

(ОшМУнун 10 окутуучуусу Синцзянь университетинде тажрыйба алмашышты)

- "Enactus" программасы;

(ОшМУнун 1 окутуучусу жана 7 студенти АКШда жана Мексикада болгон конкурска катышышты)

- Чыгыш Европа институтунун кызматташтыгы;

(2012-жылы ОшМУнун 1 окутуучусу Польшада окуп кайтты)

- Психо-социологиялык колдоо көрсөтүү программасы;

(ОшМУнун 1 окутуучусу Грузия өлкөсүндө стажировкадан өттү)

- АКСЕЛС, ЕККУ;

(ОшМУнун алдыңкы 5 студенти КРдин ЖКнын стажировкасынан өтүштү)

- Евробиримдиктин "ACTIVE Young" жаштар долбоору;

(Долбоор аркылуу 1 окутуучу Польшада окуп келди)

# Тарбиялык иштер




• Акыркы эки окуу жылында тарбиялык жана маданий массалык багыттардагы иш-чаралар адаттагыдан өзгөчөлөнүп уюштурулду. Университеттин салттуу иш чаралары өз деңгээлинде өткөрүлдү. Жаңыча өткөрүлгөн айрым иш чараларды атап өтөлү:

• ОшМУнун студенттик Акыйкатчысы «Агартуу академиясы» коомдук фонду менен биргеликте USAID уюмуна долбоор жазышып, натыйжада студенттердин укуктары, милдеттери, которулуу, окуудан чыгаруу тартиптери, студенттерге тийиштүү жоболор жана студенттерге бекер пайдаланууга боло турган кызматтардын шарттары, даректери, айрым документтердин үлгүлөрү орус, кыргыз тилдеринде жазылган «Студенттер үчүн маалымат» китепчеси 10 миң нускада чыгарылып, ОшМУнун студенттерине бекер таратылды. USAID уюму ошону менен бирге ОшМУнун акыйкатчы аппараты үчүн эки компьютер, бир ксерокөчүрмө тапшырды.

• ОшМУнун таланттуу, алдыңкы студенттеринен атайын топ түзүлүп элдерди ынтымакка чакыруу, ыйык жерлер менен таанышуу максатында "Ынтымак кербени" уюштурулду. Ош шаарынын Сулайман-Тоосунан башталган сапар Жалал-Абад областында улантылып, андан соң Талас областында болуп, "Манас ордо" комплекси менен таанышышты. Мындай жергебиздин тарыхый, маанилүү жайларына болгон сапардан кийин ОшМУнун алдыңкы жаштары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бир катар депутаттары жана жооптуу кызматкерлери менен жолугушуп, жаштар кызыктырган суроолоруна жооп алышты. Студенттерибиз тарабынан жасалган "Ынтымак кербени" Арстанбап эс алуу жайына баруу менен аяктады.

• ОшМУнун бизнес жана менеджмент факультетинин алдында уюшулган ENACTUS (баштагы SIFE) командасы Америка Кошмо Штаттарында өткөн "World cup-2012" дүйнөлүк кубогуна байкоочу команда катары катышып келди. 27-сентябрдан 7-октябрга чейин созулган иш-чарага дүйнөнүн 40 мамлекетинен 120 жогорку окуу жайларынын командалары барышкан. Вашингтон жана Нью–Йорк шаарларында өткөн кубокко ОшМУнун командасынын эдвайзери Эрлан Камалов, И.Шарапов, Н.Мурзакамалова, М.Мамедова жана Арстанбек кызы Калбү аттуу студенттер дүйнөнүн ар бурчунан барган курбалдаштары менен жакындан таанышып, тажрыйба алмашып, достошуп кайтты. 2013-жылдын ноябрь айында аталаган командабыздын өкүлдөрү Мексикага барып конкурска катышып келишти.

• 3-декабрда Ош мамлекеттик университетинин мүмкүнчүлүгү чектелген 32 профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрүнө жана 41 студентке окуу жайдын ректораты, профсоюз уюму тарабынан ар бирине 500 сом өлчөмүндө материалдык жардамдар берилди. Мындан сырткары университет Ош шаарындагы «Наристе» балдар бакчасына акчалай жардам көрсөткөн. Ал эми ОшМУнун ректору К.Исаков балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборунда дарыланып жаткан

1-топтогу майып Ниязбек Тургунбаевге компьютер (Ноутбук) жана өзүнүн бир нече китептерин белек кылды.

*уландысы 7-бетте*

# Изденүү жолундагы ийгиликтүү эки жыл



уландысы, башы 6-бетте











• 2013-жылдын декабрь айында университетибизде залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө арналган иш-чаралар топтому өттү. Кечеде жазуучунун чыгармачылыгындагы баалуу табылгалар боюнча докладдар жасалып, чыгармаларынан көркөм окулуп, Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде жазылган обондуу ырлар аткарылып, сахналык көрүнүштөр коюлду. Кеченин катышуучулары жазуучунун чыгармалары боюнча студенттер тарткан сүрөттөрдүн көргөзмөсүнө да күбө болушту. Ошондой эле медициналык колледжинин мамлекеттик тил кафедрасы тарабынан «Аалам алпы– Айтматов» аталышындагы жумалык жарыяланып, анын алкагында кураторлук сааттар, ачык сабактар, «Ак кеме – аруулуктун, тазалыктын символу» аталышындагы талкуу жана адабий-музыкалык кече өткөрүлдү. Дубал гезиттер чыгарылып, сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Университетте Ч. Айтматовдун айкели орнотулду.

• 2012-жыл Кыргыз Республикасында Үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана кечиримдүүлүк жылынын алкагындагы иш планга ылайык, 17-ноябрь Эл аралык студенттердин майрамына карата мугалимдерден белек катары ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда факультеттер аралык «Окутуучулар обон созгондо» маанайшат кароо-сынагы уюштурулду. Окутуучулардын көңүлдүү эс алуусун уюштуруу, таланттуу окутуучуларды колдоо, студенттерге эстетикалык тарбия берүү сыяктуу орчун максаттарды алдына койгон конкурска 200гө жакын окутуучулар өнөрпоз катары катышты. Сынактын байге фонду 120 миң сомду түздү.

• 2013-жылдын 4-мартынан баштап 29-апрелге чейин Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын арасында Бишкек шаарында өткөн "Универсиада – 2013" мелдешине ОшМУнун курама командалары спорттун 16 түрүнөн катышып, албан ийгиликтерди жарата алды. Атап айтканда, 8 команда биринчи орун, 6 команда 2-орунду ээлеп, жалпы командалык эсепте I орунду камсыздашты. ОшМУ келерки окуу жылынан баштап I лигада ойноо укугуна ээ болуп, спортчуларыбыз 30000 сом акчалай сыйлык, кубоктор, медалдар, дипломдор менен сыйланышты. Универсиаданын бардык жеңүүчүлөрү жана алардын машыктыруучулары акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

• Июль айында Россия Федерациясынын Казань шаарында өткөн Бүткүл Дүйнөлүк XXVII жайкы универсиадага педагогика жана дене тарбия факультетинин 3-курсунун студенти, күрөш боюнча Азиянын чемпиону, бир нече алтын медалдардын ээси Келсинбеков Кадыр Кыргызстандын курама командасы менен биргеликте барып ОшМУнун эле эмес, кыргыз элинин намысын коргоп байгелүү 3-орунду жеңип келди.

Универсиаданын жеңүүчүсү Келсинбеков Кадырга университет тарабынан дайыма атайын материалдык-моралдык колдоо көрсөтүлүп, Казань универсиадасынын иш сапар чыгымдары төлөнүп берилип, мындан сырткары университет тарабынан машыктыруучусуна 10 миң, жеңүүчүгө 50 000 сом акчалай сыйлык берилгенин жана универсиаданын чемпионун окуу жайдын жамааты чоң сүйүнүч менен салтанаттуу тосуп алганын белгилей кетсек болот.

• Өмүр бою ак эмгек менен жыйнаган каражатын өзү иштеген университеттин студенттерин шыктандыруу, колдоо үчүн стипендия кылып берүүнү ниеттенген, анан калса, мындай чоң демилегени баштаганы менен өзүнүн атын даңазалабоону каалаган ОшМУнун профессор агайы эң мыкты окуган, таланты менен өзгөчөлөнгөн 5тен студенттин ар бирине айына 100 доллар өлчөмүндө стипендия берүү салтын баштады. Бул стипендияны 50 жылга чейин берүү болжолдонгон. Ал үчүн банк менен келишим түзүлүп, профессор өмүр бою айлык маянасынан топтогон каражатты банк эсебине которгон. Жыл сайын стипендиаттар "Эң мыкты студентти аныктоо боюнча" жобонун негизинде жаңыдан тандалып турат.

• ОшМУда алдыңкы студенттерге "Отличниктер слету" уюштурулуп, Окумуштуулар Кеңешинин стипендиясы берилип турат. Ар бир факультеттен эң мыкты бааларга окуган, коомдук иштерге активдүү катышкан, жүрүм-туруму үлгүлүү бирден студентке берилчү стипендиянын көлөмү былтыр жогорулап бир стипендиантка 2500 сом өлчөмүндө бериле баштады.

• Окуу жайда атайын түзүлгөн комиссия жардамга муктаж, ата-энеси жок, мүмкүнчүлүгү чектелген, турмуш шарты оор, 2010-жылы Ош жана Жалал-Абад облустарында июнь окуясында жабыр тарткан студенттердин арыздарын карап чыккан соң 2012-2013-окуу жылы үчүн жалпы университет боюнча күндүзгү окуу бөлүмүндөгү келишимдик негизде билим алып жатышкан 273 студентке 1100000 миң сомдук келишимдик окуудан жеңилдиктер берилди.

• Бишкек шаарында Республикалык деңгээлде өткөн дизайнерлердин «Fashion industry» конкурсунда Ош мамлекеттик университетинин окутуучусу Зуура Турдубаеванын жасаган эмгектери биринчи орунга татыды. Бул конкурста дизайнердин 5 эмгеги көрсөтүлүп, калыстар тарабынан жогору бааланган. Россия федерациясынын жана Кыргызстандын атактуу дизайнерлери калыстык кылган конкурс өлкөбүздүн жеңил өнөр жайындагы мыкты жетишкендиктерди даңазалоо максатында уюштурулган. Анын салттуу эмес буюмдардан тиккен кийимдери «Өзгөчөлүү Жаңы жыл - 2013" аталышындагы жаш дизайнерлердин экинчи республикалык конкурсунда да баш байгени уткан болчу.

• "Башат" телерадио компаниясы жана "Азем" борбору декабрь айында уюштурган "Эл тандоосу" сурамжылоосунда респонденттердин дээрлик көпчүлүгү аймакта Ош мамлекеттик университети мыкты жогорку окуу жайы деп жооп беришкен. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча "ОшМУ мыкты жогорку окуу жайы" деп табылып, уюштуруучулар тарабынан сертификат тапшырылды.

• 2013-жылдын аягында республикалык Де-Факто гезити ОшМУну "Эң мыкты университет" деп тапты.

• K-News маалымат агенттиги сурамжылоо жүргүзүп Ош мамлекеттик университети Кыргызстандагы эң популярдуу университет деп жыйынтык чыгарды.











# ОшМУда факультеттерди кандай декандар башкарат?

***Биздин декандар абдан чыгармачыл да. Бири «Манас» айтат, бир нечеси ыр жазат, бирөөсү спортсмен. Алардын ичинен ушул Абдурашит Низамиев агай куйкум сөздүү сатирик. Каникулда жолугуп: "Мына бул ырды көрчү, жаңы жылда декандарга азил жазып, бирок окубай калдым эле".-деп бир барак сунду. "Көрүп бер" дегенинен, студенттер окусун деп гезитке басып жибердик.***

*Доктор, профессорлугун эл билет, бул шаржларды жөн эле ачык маанай Абдурашит агайыбыздан деп билиңиздер.*

**Медицина факультетинин деканы М.Арстанбековго**

Медфакты башкарууга келип кезек,
Арстанбеков агай өз ишине так жана бек.
Жамаат чоң, атактуулар, даңктуулар көп,
Аны башкарууга чындап арстан керек.

**Бизнес жана менеджмент факультетинин деканы А.Асановго**

Факультетте бизнестин талкалап данын,
Ишкердүүлүктү да окутаары маалым.
Анан салыкты да окутат, бирок, агай, аны
Студенттерге салбасын, ошого көз салың.

**Математика жана маалыматтык технологиялар факультетинин деканы Т.Асылбековго**

Математика – илимдин канышасы деп,
Агайыбыздын жүрүшү так, турушу бек.
Ал эми илим атасы география болорун,
Азыр деле бирок такыр билбесе керек.

**Орус филологиясы факультетинин деканы К.Зулпукаровго**

Акырын сүйлөп, чыгарат иштин майын,
Ийгиликтери чет өлкөлөргө дайын.
Орус тилсиз ОшМУ кайда барат эле деп,
Билебиз да айтып-деп жүргөн жайын.

**Чет тилдер факультетинин деканы С.Калыгуловага**

Сабыркүл эжеке сылык, сыпаа ар дайым,
Сулуулугуна суктануудан талбаймын.
А он сегиз жашында кандай болгонун,
Ой, такыр бир мен элестете албадым.

**Табият таануу жана география факультетинин деканы Т. Мамытовго**

Жаңы шайланып, таң калтырууда көптөрүн,
Түзсө керек эми волейболисттер мектебин.
Географ, биологдор айтып сыймыктанышат,
Табалды агайдын велосипед тепкенин.

**Тарых жана юридика факультетинин деканы Г.Кулдышевага**

Оо, эжекенин илимине таң калган көп,
Издеп жүрүп, кеңеш сурап барган көп.
Анан да тыкылдаган бир кыз экен деп,
Тийишип алып, таяк жеген андан көп.

**Искусство факультетинин деканы К.Курбанбаевге**

Кылычбек жаш жана жаңы жетекчи,
Башкарууга тажрыйбасы жетеби?
Факультетте эл артиси, жөн артиси бар,
Айт, мүмкүн бизден жардам керекпи?

**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин деканы С.Момуналиевге**

Көп кырдуу, сырдуу агайыбыз Сатканбай,
Көөдөнүнө Чыңгыз ааламы баткан бай.
Алиман, Жамийланын купуя сүйүүсүн,
Билгиң келсе, сурай бергин жалтанбай.

**Педгогика жана дене тарбия факультетинин деканы Б.Муратбаевге**

Педфакта жалаң гана чемпиондор окушат,
Жылда ийгиликтен ийгилик кошушат.
Баары бир Бакыт агай декандын иши
Чындап оор экенин бүгүн түшүнүп отурат.

**Теология факультетинин деканы С.Мырзаибраимовго**

Жаңы декан болуп келди агай Самаган,
Балким, бул кызматты далай самаган?
Дин менен саясатты айкалыштырып,
Бар бизде көп адамдар буга таң калган.

**Физика жана техника факультетинин деканы М.Өскөнбаевге**

Маралбек агайды дайым ишинен табамын,
Аракетте оңдойм деп физиканын абалын.
Дагы бир купуя тилеги бар, күтүп жүрөт,
Келишин кайра физиктердин заманын.

**P.S: Ырлардын катары, мазмуну өзгөртүүсүз берилди.**

***Абдурашит Низамиев***
***ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин деканы***



**Албетте Абдурашит агай өзүнө жазмак беле? Бул куплет өзүнө арналат.**

Өтө эле жаш кезинде докторлукту алган утурлап,
Баса калат илим десе, анан кайсы илим андан кутулмак.
Башка декандарга ыргытып коюп азилин,
ФМОну Абдурашит агай башкарып келет шыпылдап.

**"Нурчу"**

# К.Калыкулов «Ош шамы» гезитинин редактору болду



*Эч кимди капа кылбаган жумшак мүнөз, жай отурбай ар дайым иш үстүндө жүрүп, окуу жайда болгон жаңылыктар менен коомчулукту кабардар кылган Керимбек Калыгулов ОшМУдан кетти. Тагыраагы шаардык "Ош шамы" гезитинин башкы редактору болду. 10 жылдан ашуун университеттин жүгүн көтөрүшүп, ондогон журналисттерди тарбиялап, чоң аренага аттандырган Керим агай башка жерге да керек болчу. ОшМУ эмне десин... Канатыңы кер деди, дагы бийиктерге уч деди. Буга чейин университеттин кызматын аркаласаң, эми шаарга кызмат өтө деди. Керим агай "Нур" гезитин, "Үмүт" телестудиясын жетектеп, акыркы эки жарым жылда окуу жайдын басма сөз катчысы милдетин аркалап келген. Макалабыздаката болсо, урушуп, кагып-силкпей, "Мына бул жерин саал оңдоп койсоң болчудай", деп жумшак түшүндүрүп койчу агайыбыз "Ош шамында" да кол алдындагылар менен жуурулушуп, жаны тынбай эмгектенип жатса керек. Керим агай, ишиңизге ийгиликтер болсун, дагы да мыкты ийгиликтерди жарата бериңиз. Өзүңүз өнгөн жерге келип, жаштарга кеп кеңешиңизди айтып туруңуз.*

*Нурчулар*

# Тамекини түтөткүн

**ОшМУнун «Ыйман» лицейине түрк тили мугалими болуп келген Латиф агай Түркиядан келгенине аз болгонуна карабай кыргызча жакшы өздөштүрүп гана тим болбостон шатырата ыр жаза баштады. Биз төмөндө агайдын философиялык мааниси терең, адеп-ахлактык, тарбияга чакырган ырын сунуштайбыз.**

Тамекини түтөткүн,
Түтүнү менен өрттөнгүн,
Жакшылап тарт.
Өпкөң майрам өткөрсүн.
Эл сени "паравоз"сымал көрсүн.
Душманың сүйүнсүн, досторуң күйсүн.

"Чытыр-чытыр" өрттөгүн, акчаң күйсүн,
"Шорук-шорук" тарт, ден соолугуң түңүлсүн.
Акчаңды башкалар үйсүн.
Түтүнүн да жел түйсүн.
Ден соолук жерге көмүлсүн.
Тарт чырагым, тарткының.
Уйдун өлүмү бедеден,
Сеники тамекиден...

Акчаңды сапырдың.
Ырыскыңды азайттың,
Айланаңды кирлеттиң,
Кубатыңды дегдеттиң.
Ошондуктан тамеки
Сага арам, ук деги.
Мен бүтүрдүм сөзүмдү,
Эми өзүң билесиң,

Жакшы күйсүн тамекиң!
Таттуу болсун тамагың!



**Латиф Баты, ОшМУнун "Ыйман" лицейинин түрк тили мугалими**

## Күйсө күйсүн ак көйнөк

**Аялы күйөсүнүн көйнөгүн үтүктөп жатып, аны күйгүзүп алат. Күйөсү кире калса бечара коркуп кетип, көздөрү алая түшөт. Жубайына боору оруп, ичи элжиреп кеткен жигиттин айтып турган жери.**

Жашоодо ар ким жаза басып алдырат.
Шашкалактап болбос нерсе бар кылат.
"Үтүктөйм" деп күйгүзүпсүң көйнөктү,
Мейли эми, муңайбачы жалдырап...

Үй-бүлөдө майда барат жумуштар,
Бир урушуп, бир жарашып туруш бар.
Көп нерсеге тоскоол эмес жарыгым
Көйнөктөгү кат-кат болгон бырыштар.

Кокустук да, доомат артмак ким бизге?
Коркпо жаным, уялганың билгизбе.
Күйсө күйсүн ысык үтүк, ак көйнөк,
Бирок жаным, жүрөгүңдү күйгүзбө.

*Шедрый акын*







